**УДК 37.035.3**

***Ташбаева Г. А.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Междун. универ., Кыргызская Республика*

## БАЛДАРДЫ ЭМГЕКЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООНУН КЫРГЫЗ ЭЛ ТУРМУШУНДАГЫ МААНИСИ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыз элинин турмушундагы эмгектин мааниси, элдик педагогикадагы ата-энелердин балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялоо идеялары талдоого алынды. Изилдөөнүн негизги максаты – салттуу үй-бүлөнүн балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеялары бүгүнкү күн үчүн актуалдуу экендигин далилдеп көрсөтүү болуп саналат. Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун кыргыз эл турмушундагы маанисин ачып берүүдө салыштыруу, этнопедагог окумуштуулардын аныктамаларын анализдөө методдору колдонулду. Кыргыз эли байыртадан тартып эле балдардын эмгекке жакын болуусун, ак мээнет менен оокат кылышын талап кылган. Алардын жашоо-шарттары: көчмөнчүлүк, климаттын татаалдыгы, аңчылык жана мал чарбачылык менен алектенүү эмгекчил болууну талап кылган. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар этнопедагогикалык багытта болуп, азыркы мектептин, окуу жайларынын мугалимдерине, окутуучуларына, бардык эле тарбиялоо жумуштарына тиешеси бар адамдарга арналат.*

***Негизги сөздөр:*** *эмгекке тарбиялоо; эмгекчилдик; элдик педагогика; салттуу үй-бүлө; балдар ырлары; эмгек процесси; кол өнөрчүлүк.*

## ЗНАЧЕНИЕ ТРУДОВОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ В ЖИЗНИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*В данной работе предметом исследования является значение труда в жизни кыргызского народа, идеи родителей в народной педагогике о воспитании в детях любви к труду. Основная цель - доказать актуальность идей традиционного семейного трудового воспитания. С помощью методов сравнения и анализа определений ученых-этнопедагогов было выявлено значение трудового воспитания в жизни кыргызского народа. Испокон веков кыргызский народ требовал, чтобы дети были рядом с работой и зарабатывали на жизнь. Условия их жизни: кочевой образ жизни, тяжелый климат, охота и животноводство требуют тяжелого труда. Результаты исследования носят этнопедагогический характер и предназначены для учителей современных школ и образовательных учреждений, а также для всех, кто занимается воспитательной работой.*

***Ключевые слова:*** *трудовое воспитание; трудолюбие; народная педагогика; традиционная семья; детские песни; трудовой процесс; ремесла.*

## THE IMPORTANCE OF LABOR EDUCATION OF CHILDREN IN THE LIFE OF THE KYRGYZ PEOPLE

*In this work, the subject of the study is the importance of work in the life of the Kyrgyz people, the ideas of parents in folk pedagogy on raising children to love work. The main purpose of the article is to prove the relevance of the ideas of traditional family labor education. With the help of methods of comparison and analysis of the definitions of scientists-ethnopedagogues, the importance of labor education in the life of the Kyrgyz people was revealed. From time immemorial, the Kyrgyz people have demanded that children be close to work and earn a living. Their living conditions: Nomadism, difficult climate, hunting and raising livestock require hard work. The research results are ethnopedagogical in nature and are intended for teachers of modern schools and educational institutions, as well as for everyone involved in educational work.*

***Key words:*** *labor education; diligent; folk pedagogy; traditional family; children's songs; labor process; crafts.*

Кыргыздар балдарга эмгек кылууну эң эрте жашынан үйрөткөн. Бул мезгилде эмгектенүү ойноо менен, ата-энесинин балдарын эркелетүүсү менен биримдикте ишке ашкан. Кыймыл-аракет, ордунан жылуу, каз-каз туруу, алгачкы бут шилтөө – баланын жашоосундагы биринчи эмгектери болуп эсептелет. Баланын алгачкы кыймылы да «эмгектенүү» деп аталат. Мына ушул алгачкы эмгек кылуусунан ал белгилүү даражада үзүрүн көрөт, бул баланын да, ата-эненин да кубанычына айланат.

Алты-жети айлык баланын тизелеп, эки колун таканчык кылып алдыга карай жүрүшү – чоң эмгектин башталышы. Ушинтип «эмгектенүү» деп аталган кыймыл менен ата-энелерине, эже-байкелерине, чоң ата-чоң энелерине, таята-таянелерине келе жаткан баланы улуулар алдын ала алдыга жыла тосуп, аны кош колдоп көтөрө коюп эркелеткен. Өзгөчө балдар жанында тынымсыз жүргөн энелери аркылуу колдоого алынган. «Бала төрөлгөндөн баштап ал жашаган ар бир күнгө, ар бир айга, жылга зор маани берип, эркелетип, сылап, колу-бутуна массаж жасап, баланын ден соолугу чың болуп чоңоюшуна шарт түзүлөт. Боюн токтотуп калган мезгилде колтугунан кармап:

Оң бут, оң бут,
Сол бут, сол бут, - деп, улам бир бутуна тургузуп, «атасынын баласы», «энесинин баласы», «кулунум», «ак бөпөм» деп эркелетет. Каз-каз тура баштаганда:

Кана балам,
Секир балам
Оппа, оппа, - деп, баланы ишенимдүү кадам шилтөөгө, басканга даярдайт» [1, 388-389].

Мына ушул эне менен баланын аракетинин түпкү маңызы – баланы эмгектенүүгө даярдоо, анын эмгекчил болуп калыптануусуна даярдоо. Энесинин чакырыгы, колдоосу жана стимул берүүсү менен наристе бутуна турат, жөргөлөйт, алгачкы кадамын шилтейт, басат, жүгүрөт. Атасынын колдоосу менен тайга минет. Эгер мындайда бала эмгекчил болбосо, анын отуруусу, жөргөлөөсү, ордунан туруусу, басуусу улам кечээндеп, бала же ден соолугу начар жана дене-бой жактан майып (итий, бечел, соргок ж.б.) болуп калат. Кыймыл бул жерде баланын руханий жана дене-бой жактан өсүүсүнө, туура калыптануусуна стимул түзүп берет.

Ошол эле кезде ата-энелер балдарга күлүүгө даярданып, чакырганды түшүнүп калган кезде «күлүп кой», «күлүп койчу», «кана, кана», басууга талпынып калган кезде «тай, тай, тай», «кас, кас, бас, бас» деген сөздөр менен аларда дагы да эмгектенүүгө мажбурлайт. Кыргыз элинде «Салбилек» деген ыр бар. Ал тууралуу адабиятчы Абдылдажан Акматалиев мындай деп жазат: «Салбилек» ыры – бала эми отурууга жарап, талпынып, умтулуп калганда аткарылуучу обондуу ыр. Баланын колун көтөрүп, бутун созуп, тилек айтып, денесин чыйралтуунун эң ийкемдүү жолу.

Сал-сал, сал билек,
Сары майга мал билек.
Коён кошту кош билек,
Кошоктошкон ак билек.

«Тай бөбөк», «Каз-каз», «Тай кулун» деген ырлар да баланын алгачкы кыймыл-аракетине карата арналып, ата-эненин ички сезиминдеги кубанууну, сүйүнүүнү билдире турган сезимдер:

Тай-тай бөбөк, тай бөбөк,
Алды артыңа май бөбөк.

Каз-каз бөбөк, каз бөбөк,
Жалкоолонбой бас бөбөк.

Балдардын улам жаңы алга умтулууларын, өсүп, чоңоюп бараткандыгына ата-эненин элжиреп, жүрөгүнүн эзилиши, мээриминин төгүлүшү» [2, 446].

Кыргыз балдары өтө кичинекей кезден аралашкан эмгектүү оюндар – манжа оюндары. Алардын биринде эки же андан көп бала бирөөнүн алаканына өз сөөмөйлөрүн салат да, бирөө санайт, же ыр айтат, калгандар ошол санак же ыр бүткөндө сөөмөйлөрүн тартып кетүүгө тийиш, эгер кимдин колу алаканда кыпчылып тартылбай калса, аны черткилешет, же башка жазаларды берет. Муну менен балдар байкагыч болууга, кыймыл жасоого, эмгек кылып колун тез тартып алууга көнүгөт.

«Балдар арасында ушул күндөргө чейин популярдуу болгон оюн – «Ак терек, көк терек». Мында балдар-кыздар эки топко бөлүнүп бири-биринен алысыраак аралыкка кол кармашып турат. Анан биринчи баштаган тарап ырдайт:

Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?

Экинчи тарап болсо колдорунун бири-биринен чыгарбай кармап, тигилердин ичинен чабалыраагын, алсызыраагын чакырат. Мына ушул жерде балдардын төкмөлүк чыгармачылыгы, ыр уйкаштыруу жөндөмдүүлүгү керек болот. Тигил топтун ичинен бирөөнүн чакырыш үчүн анын атын, белгисин айтат. Мисалы,

Тойго минген тору аттай,
Топчуланган манаттай,
Кызыл бешмант кыз керек.

Анан тигил кызыл бешмантчан кыз чуркап жөнөйт да, эгер каршы тарабындагылардын кол кармашып турган тосмосун үзүп кетсе, алардан бирөөнү өз командасына ээрчите келет, эгер тигилер үздүрбөй койсо кызыл бешмант кызды өздөрүнүн тарабына кошуп калат. Ушундай кылып оюн бир жагында калбай калганча улана берет» [3, 153].

«Ак терек, көк терек» оюну – балдарды эмгекчилдикке, күчтүү, кыраакы болууга тарбиялоочу педагогикалык каражат. Мында кол кармашуу, кармашкан колдорду үзүп кетүү, колду үздүрө койбой бекем кармашуу, тик туруу, тайманбай күрөшүү аракеттери ишке ашат. Мунун баары эмгектенүүнүн натыйжасы.

Кыргыз элинде мына ушундай оюндар абдан көп жана алар балдардын акыл-эсин, дене-боюн, сезимин, ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын өстүрүүгө кызмат кылган. Мисалы, бала Манастын калыптануусунда, болочокто кол баштаган аскер башчы болуусунда анын бала чакта ойногон ат чабыш, улак тартыш, күрөш, эр эңиш, жамбы атыш, эр сайыш, тогуз коргол, ордо, жаа тартыш ж.б. улуттук оюндардын мааниси чоң болгон. Тарыхый доорлордо адам баласынын өсүп өнүгүшү аркылуу жаралып келген, акырындап түптөлүп бийиктике жеткен билимдин өлчөмүнө карап, эң зарыл сөзсүз үйрөнүү, бардык заманда болуп келген жана боло бере турган социалдык маданий көрүнүш. Заман талабына ылайык билим берүүнүн мүнөзү, мазмуну кандай өзгөрүлсө, манас таануу сабагын окутуу да ошондой жаңылануута тийиш [4,71-74].

Өткөн XX кылымда эле Ч.Айтматовдун «Гүлсарат» повестинде балдардын чикелек чабышууда зуулдамай оюнунда «Ак бай, ток бай» деген ырын мындайча чыгармага кыстырып өтөт: «Ат сарайдын жанында балдар чикилик чаап ойноп жатышты. Шудуңдаган бир бала кезеги келгенде чикитин иликтей коюп чапты эле, алыс барып жол боюна түштү. Тосоттогу бала тосо албай калды. Анда чапкан бала туягын салып, макке чейинки аралыгын

өлчөй кетти: бир, эки, үч... жети... он... он беш... Эки жаат болуп, баланы эки жактан ээрчип алышкан, чурулдап талашып келет. Акыры эсеп жыйырма эки болду.

- Жана жетимиш сегиз тай болчу, азыр жыйырма экини кошкондо жүз тай, - деп бала кубанганынан колун серпе кыйкырды. - Жүз! Жүз тай болду! Биз уттук!

- Ура! Биз уттук! - деп жааты коштоп кетти.

Эми утулган жаат зуулдаш керек. Уткан бала макке барды да, чикитти зымырата чапты. Түшкөн жеринен жаатташы андан ары чапты. Үчүнчүсү дагы чапты. Ошентип мактен алдаганча оолактатып кетишти. Мына ошерден макке чейин дем албастан зуулдаш керек. Утулган бала ызасынан көзүнө жаш тегеренди, бирок оюн шарты катаал. «Эмне турасың, бол зуулда!» Зуулдачу бала өпкөсүн толтура желди илеп тартты да, чымылдай чуркап, ырын айтып жөнөдү:

Акбай, Токбай,
Ат болоту жорго тай.
Жорго тайдын жолу менен
Кашка тайды тобу менен
Зуулдатып айдап келем...
Зу-у-у-у!..

Каны бетине тээп, көзү чекирейип чыкса да болбой бала чымылдап чуркап, зуулдап баратат. Бирок макке жете албады, деми түгөндү. Уткан бала кыйкырып жете келип, жонуна чап жабышты.

- Чү, жаныбарым Гүлсары! - деп теминип, эки тарапка мактана кыйкырды. - Эй, карагылачы, мына менин Гүлсарым! Жоргосун карагыла! Чү!» [4, 171-172].

Мында балдардын оюн аркылуу эмгек кылуусу таамай көрсөтүлгөн, автордун сүрөттөөлөрүнүн тактыгына караганда мындай улуттук оюнду улуу жазуучу да бала чагында ойногону билинип турат.

Улуттук оюндардын катарында «Учту-учту», «Аксак кемпир бапалак», «Кон, кон, көпөлөк», «Каркыра-турна желе тарт», «Коон бышты, дарбыз бышты», «Муш кетти», «Тыбыр-тыбыр» ж.б. ыр коштолгон оюндар бала турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп, аларды эмгекчил болууга тарбиялайт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө көп учурда эмгек коллективдүү жумуш болгон, ата-энелер эмгек процессине катышып жаткан кезде балдары жаш кезинен эле аларды карап, үйрөнүп, көнүгүп, тажрыйба топтоп турган. Ата-эненин эмгек кылуусуна жардамдашуу баланын милдети катары эсептелген. Мисалы, курут бышырып жаткан энесине жардам берүү үчүн баласы от жагып берсе, кызы булактан суу алып келген, атасы камчы өрүп жатса, уулу анын бир жагын кармап берип турган. Кыргыздар көп иштерди (боз үй тигүү, көчтү даярдоо, кийиз жасоо, ууз аш ичирүү, шерине тамак берүү, кереге-уук чабуу, эгин бастыруу, мал айдоо ж.б.) биргелешип бүтүргөн, ашар жолу менен там салган, чогулуп чыгып булактын көзүн, дарыянын боюн тазалаган, жол салган, малдарды дарылаган. Мына ушул жумуштарга кичинекей балдар адегенде пассивдүү катышып, көз салып гана турса, бир аз кол арага жарагандан кийин өздөрү да активдүү аралашкан. Мындай иш-аракеттер, биринчиден, кыймыл менен, экинчиден, ыр жана музыка менен коштолуп турган.

Эң байыркы эмгек процесстеринин бири – кырманда эгин бастыруу. Мына ошол процессти коштоочу «Оп майда» деген элдик ыр айтылып келет. Орулган эгин кырманга алып келинип, кургаган учурда кырманчылар ат, уй, өгүз минип келип, ошого балдарды

мингизип коюп, кырманда бастырып, эгиндин данын, саманын, топонун ажыраттырган. Балдар тигил басып жаткан малдарды минип, ошонун басыш ыргагына карап, «оп майда, майда, майда, эгиндери бизге пайда, самандары сага пайда» деген ырларды айткан. Бул ырлар, бул эмгек ырлары балдарга нан кайдан келерин, эмгектенүү эмне үчүн керектигин үйрөткөн. Мындай эмгек процессинде ырдоо адамдарга оор эмгекти жеңилдетүү үчүн жардам берген, ыр чыгармачылыгы аркылуу адамдардын эстетикалык табити өсүп, дем алуу органдары бышыкталган. Балдар менен ата-энелердин ортосундагы жакындык эмгек процессинде өзгөчө жакшы байкалган, алар бири-бирине жардамдашкан, бири-бирин аяшкан, биргелешип эмгек кылуунун ырахатын сезишкен. Ата-энелер балдарына эмгектенип жатканда «Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан», «Жаталактык – жалкоонун иши», «Жалкоо адам жарыбайт», «Иши жоктун ашы жок», «Эмгеги катуунун татканы таттуу», «Түйшүгү болбой, түшүмү болбойт» ж.б. макалдарды айтып, ошолор аркылуу эмгек тарбиясын эмгек процессинин өзүндө жүргүзгөн.

Ж.Т.Каденова өз эмгектеринде балдарды эмгекчиликке тарбиялоодо элдик педагогиканын эбегейсиз ордун белгилөө менен кыргыз турмушундагы далилдүү фактыларды колдонуу менен илимий жыйынтыктарды чыгарган [5, 26-29 бб.].

«Эл турмушунда кол өнөрчүлүк да олуттуу орунду ээлеп, калк ичинен чыккан ээрчи, жаачы, көөрүкчү, темирчи, зергер, бычмачы, тигүүчү, керегечи, уукчу, каңдоочу, кийизчи, таарчы, шырдакчы, килемчи ж.б. өнөрлүү адамдар жанына эртеңки ишин улоочулар катары балдарды, кыздарды ээрчитип жүргөн, бирге иштеткен, албетте, андайда эмгек ырлары бирге аткарылган.

Кой телүү, эчки телүү, кой сааш, козу байлоо, эн салуу, желе тартуу ж.б. учурлардагы ар бир жаңы учурду, салтты элдик ырлар коштоп турган, булар балдарды үй жаныбарларга ыйык жандыктардай мамиле кылууга, алар менен өздөрүн терең байланыштырууга үлгү көрсөткөн.

Кол өнөрчүлүгүнө байланыштуу «Тон чык» деген ырда:
Ак токтумдун териси,
Ашаткысын келтирдим,
Абдан ийин жеткирдим.
Кыткыл кылбай өзүңдү,
Ашаткыңды кандырдым.
Тап менен тузуң салдырдым.
Чык, терим, тон тонума,
Калдыр-кулдур этпесин,
Түшө калгын жонума.
Ийлебесем маа жазык,
Кылдырасаң саа жазык.
Тон чык... Тон чык!.. – деп айтылат.

Мына ушинтип ырдоо менен уул балдар, өзгөчө кыздар, тери иштетүүнүн технологиясын үйрөнгөн, «ашаткы» деген эмне, аны ийге келтирүүнүн жолу кандай, «кыткыл кылуу» эмне, «ашаткысын кандыруу» дегени кандай, «тузун тап менен салдыруу» деген түшүнүктүн мааниси эмнеде, тондун «кылдыр-кулдур» этип калганы эмнеси деген сыяктуу суроолорду ойлоно баштайт. Ырды жаттап, ырдап гана койбостон, андагы ар бир сөзгө маани берүү менен тон жасоонун, терини ийге келтирип иштетүүнүн зарыл иш-аракеттерин, бул жумуштун жалпы процессин өздөштүрүшөт. Демек, бул ырлар эмгекке

үйрөтүүнүн (ал эми эмгек болсо жашоодогу ансыз мүмкүн болбогон нерсе) башкы окуу китеби, энциклопедиясы, усулдук колдонмосу болгон.

Жогорудагыдай эле кол өнөрчүлүктүн кийиз жасоо, өрмөк өрүү, кийим бычуу сыяктуу ар кандай учурларынын өздөрүнө ылайык айтыла турган ырлары чыгарылган жана ал чыгармалар балдар тарабынан да улуулар менен бирге эле ырдалып турган.

Бул жерде кыргыз балдарынын эмгекчил болуп өсүшүндө, малчылык, аңчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен шугурланышында эмгек ырларынын да таасири олуттуу түрдө болгондугун айта кетүүгө тийишпиз» (А.Муратов) [3, 160-161].

**Жыйынтык**

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчил кылып тарбиялоо, эмгектенүүгө үйрөтүү ошол үй-бүлөнүн кийинки муундарынын бактылуу жашоосун камсыз кылуучу эң негизги факторлордун бири болуп саналат жана турмушка балдарды даярдоонун башкы каражаты катары далилденди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Орозова, Г. Ж.** Балдар ырлары. Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / Г.Ж. Орозова. – Б.: Шам, 2002. – С. 388-389.
2. **Акматалиев, А**. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар [Текст] / А.А. Акматалиев // Кыргыз адабиятынын тарыхы.– Б.: Бийиктик плюс, 2002. – 446 б.
3. **Муратов, А.** Кыргыз эл педагогикасы: табияты жана тарыхы [Электронный ресурс].- Б.: Турар, 2011.- Режим доступа: https://lib.kao.kg/muratov-abdykerim-kyrgych-el-pedagogikasy-tabiyaty-taralyshy-zhana-taryhy/
4. **Баитова, Б.Т.** Манас таануу предметин компетенттүүлүккө негиздеп окутууда дидактикалык принциптерди колдонуу [Текст] / Баитова Б.Т. // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018 – №2. – Б.71-74.
5. **Айтматов, Ч.** 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 2-том [Текст] / Ч.Т. Айтматов. – Б.: Шам, 1999. – С. 171-172.
6. **Каденова, Ж.Т.** Педагогические функции народной традиционной культуры в глобальном мире [Электронный ресурс].– Москва, 2017 – №2. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/pedagogicheskie-funktsii-narodnoy-traditsionnoy-kultury-v-globalnom-mire
7. **Каденова, Ж.Т.** Глобализация и народная педагогика [Электронный ресурс]. – Москва, 2017 – №3. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/globalizatsiya-i-narodnaya-pedagogika


*Поступила в редакцию 26.02.2021 г.*